Изденүүчү Ниязова Жыпара Дүйшеевна тарабынан жазылган «Англис тили сабагында медик студенттердин кесиптик байланыш кебин өстүрүү» аттуу 13.00.08-кесиптик билим берүүнүн теориясы менен методикасы (англис тили) аттуу педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган илимий ишмердүүлүгүнө илимий жетекчисинин

## П И К И Р И

Изденүүчү Ниязова Жыпара Дүйшеевна Кыргыз билим берүү академиясынын аспирантурасынын күндүзгү бөлүмүн бүттү. Ал медицина багытында окуган студенттердин кесиптик байланыш кебин англис тили сабагында өстүрүү боюнча өзүнүн изилдөө ишин жүргүздү. Диссертациянын темасы 2020-жылдын 19-майында бекиген. Аспирантурада окуп жүргөн мезгилде Ж.Ниязова аспирантуранын кесиптик-билим берүүчүлүк программасын толугу менен аткарды, диссертациялык иштин план-проспектисин убагында түздү. Кандидаттык минимумдардын баарын «эң жакшы» деген баага тапшырды (мамлекеттик тилден, англис тилинен, илимдин жана философиянын тарыхынан, педагогикалык чеберчиликтен, изилдөөнүн методологиясынан).

Изденүүчү теоретикалык изилдөөнү оз алдынча жүргүздү жана педагогикалык эксперименттерди өзү иштеген жана башка жогорку окуу жайларында кылдаттык менен жүргүзүп жаңы изилдөө материалдарды чогултту. Изденүүчү педагогикалык изилдөө жүргүзүү менен методологияны жетишээрлик деңгээлде жакшы өздөштүрдү деп эсептейм. Жыпара Ниязова педагогикалык изилдөөнүн теоретикалык жана эмпирикалык методдорун колдонууну жакшы билет. Аспирантурада окуп жүргөн мезгилинде РИНЦ системасына кирген илимий журналдарга Жогорку аттестациялык комиссия талап кылган илимий макалаларын жарыялоого үлгүрдү жана жыл сайын илимий отчетторун убагында тапшырып турду. Ниязова Жыпара Ош мамлекеттик университетинде өзү изилдеп жаткан темасына ылайык медицинпалык багытта окуган студенттерге сабак берет. Анын

педагогикалык эксперименттик иштери өзү сабак берген студенттер арасында күн сайын жүргүзүлүп турду. Ж. Д. Ниязова илимий жетекчиси тарабынан берилген тапшырмаларды убагында так, жоопкерчилик менен аткарып турду. Аспирантурада окуган төрт жыл ичинде илимий жетекчи менен изденүүчүнүн ортосунда тыгыз байланыш болуп турду.

Ж.Д.Ниязова илимий ишине өтө жоопкерчиликтүү мамиле кылгандыгы менен айырмаланды, анын берилген тапшырманы оперативдүү, убагында аткарып, сунуш кылган адабияттарды өз учурунда окуп, илимий ишмердүүлүгүндө туура пайдалана алганга аракет кылды.

Коргоого коюлуп жаткан диссертациялык иштин көлөмү, жарыкка чыккан эмгектердин саны, илимий-кесиптик даярдыгы жана инсандык сапаттарын көрүп мен илимий жетекчи катары Ниязова Жыпара Дүйшшевна 13.00.08- кесиптик билим берүүнүн теориясы менен практикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин коргоого коюуга болот деп сунуштайм.

Илимий жетекчиси, педагогика илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу А.С.Мукамбетова

17-декабрь 2024-жыл.

А. С. Мукамбетованын колун тастыктайм.
КБнун жет. адиси Курманбекова В.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ